**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги 2-сессиясы**

# ТОКТОМ №8

**24.12. 2024-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылыштын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясынын 29-май 2023-жыл №85 токтомунун 3-пунктун жокко чыгару жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги 2-сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 39-беренесинин 5-пунктуна негиз Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма алтынчы сессиясындагы 29.05. 2023-жылдын № 85 токтомунун 3-пункту жокко чыгарылсын.

2. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы мыйзамсыз турак жай салуу үчүн ээлеп алган жерлердин(сугат,таштак-кунарсыз ж.б) чектик өлчөмүн, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 3- бөлүмүнө негиз 0,15 га деп аныкталсын.

3. Токтомду Кыргыз республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөт башчысынын милдетин аткаруучу (Т.Кудайкуловго) милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**